Шайлоочулардын добуштарын эсептөө жалаң гана участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү тарабынан ачык жана маалымдуу өткөрүлөт. Участкалык шайлоо комиссиясынын кыймыл-аракети катышып отурган бардык адамдарга толугу менен көрүнүп турушу камсыз кылынууга тийиш (44,1 жана 44, 6-статья).

Шайлоочулардын добуштарын эсептөө добуш берүү аяктаар замат башталат жана добуш берүүнүн жыйынтыктары аныкталмайынча токтотулбай жүргүзүлөт (44,2-статья).

Шайлоонун тактыгын жана маалымдуулугун камсыз кылуу үчүн шайлоо комиссияларынын кызматкерлери иш-аракеттерди аткарууда жуптан иштөөгө тийиш.

Катчыга натыйжа аныкталышына жараша протоколду так толтурууга тапшырма бериниз.

Төрага бюллетендерди алып коюуну контролдойт. Ал төмөнкүлөргө укуктуу:

а). Ар бир бюллетендин жарактуулугу жөнүндө жарыялоого, эгерде бул анык бюллетень болсо, бюллетень кайсы талапкерди жактап берилгендигин жарыялайт.

б). Төрага комиссиянын башка мүчөлөрүнүн өтүнүчү боюнча аларга бюллетендерди берүүгө милдеттүү.



# IV. ИШЕНИМДҮҮ АДАМДАР ЖАНА АККРЕДИТТЕЛГЕН БАЙКООЧУЛАР

## 1. ШАЙЛООНУН ЖҮРҮШҮНӨ БАЙКОО ЖҮРГҮЗҮҮ

"Шайлоо комиссияларынын иши маалымдуу жана ачык жүргүзүлүүгө тийиш" (II, 17, 1).

Шайлоону өткөрүүдө ачыктыкты камсыз кылуу үчүн Шайлоо жөнүндө Кодексте шайлоо комиссиясынын шайлоо күнүнө чейин өткөргөн жыйналыштарына жогору турган шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү, талапкерлер жана алардын ишенимдүү адамдары, ыйгарым укуктуу өкүлдөр, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү, ал эми шайлоо күнү байкоочулар катышуусуна уруксат берген жоболор каралган (17, 2, 8-статьялар).

- Талапкер ишенимдүү адамдарды дайындоого укуктуу.
- Ишенимдүү адамдар добуш берүүнү өткөрүү учурунда шайлоо участкаларында болууга укуктуу.
- Байкоочулар талапкерлердин, Кыргыз Республикасынын саясий партияларынын, шайлоо блокторунун, шайлоочулардын чогулуштарынын, коомдук бирикмелеринин, чет мамлекеттердин жана эл аралык уюмдардын атынан иш алып барат. (17-статья).

Ишенимдүү адардардын, ЖМКнын өкүлдөрүнүн жана байкоочулардын болушу жана байкоо жүргүзүшү:

- шайлоо процессин коом үчүн ачык жана маалымдуу кылууга, шайлоо процессинин өзүнө ишенимди жогорулатууга;
- шайлоо процессинин жана ар бир шайлоочунун катышуусунун маанилүүлүгүнө карата коомдун шектенүүсүнөн арылууга;

- шайлоочуларды коркутуп-үркүтүү, добушун сатып алуу тактикасын колдонгон же көз боемочулук кылган адамдарды токтотууга;
- негизделбеген же адаштырган арыздардын пайда болуу мүмкүнчүлүгүн азайтууга жардам берет.

**Күбөлүктөр**

Борбордук шайлоо комиссиясы ишенимдүү адамга күбөлүк берет (29, 2-статья).

Жергиликтүү байкоочунун жанында паспорту жана аны жиберген талапкер, уюм берген күбөлүгү болууга тийиш, анда анын фамилиясы, аты-жөнү, жашаган жери, ошондой эле ал бараткан шайлоо участкасынын номери, шайлоо комиссиясынын аталышы көрсөтүлүүгө тийиш. Байкоочунун бараткандыгы жөнүндө алдын-ала кабарлоо талап кылынбайт (17.4 жана 7-статьялар).

Шайлоо боюнча эл аралык байкоочулар Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан аккредиттелет (17.11-статья).

Участкалык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү байкоочуларга өз укуктарын жана милдеттерин жүзөгө ашырышына көмөк көрсөтүүгө милдеттүү.

## 2. ИШЕНИМДҮҮ АДАМДАРДЫН РОЛУ

Ар бир талапкер шайлоо комиссиялары менен өз ара мамилелерде өзүнүн таламдарын билдирген адамды дайындоого укуктуу.

**Ишенимдүү адамдар төмөнкүлөргө укуктуу:**

- шайлоо комиссияларынын жыйналыштарына катышууга;
- добуш берүү үчүн кутуларды чаптоо, добуш берүүнү өткөрүү, добуштарды эсептөө жана жыйынтыктарды чыгаруу учурунда шайлоо участкаларында болууга;



- Добуш берүүчү куту, пайдаланылбаган бюллетень сыяктуу маанилүү буюмдар дайыма көз алдыда болушун камсыз кылыңыз.
- Бардык зарыл материалдар ойдогудай тартипте коюлгандыгына жана эгерде сизге кандайдырбир материал керек болсо, аны оңой эле таба ала турганыңызга ынаныңыз.

## 2. ДОБУШТАРДЫ ЭСЕПТӨӨНҮ УЮШТУРУУ

Добуштарды эсептөөчү жайда столдор менен отургучтарды иш үчүн орун жетиштүү болгудай кылып жайгаштырыңыз. Комиссия мүчөлөрү өз милдеттерин аткара алышы үчүн аларга орун жетиштүү болууга тийиш. Бирге коюлган эки же андан ашык столдор добуштарды эсептөөнү жүргүзүү үчүн жетиштүү орунду камсыз кылууга тийиш.

- Добуштарды эсептөө башталганга чейин участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы добуштарды эсептөө тартиби жөнүндө жарыялайт.
- Байкоочулар менен ишенимдүү адамдар комиссиянын иш-аракетине байкоо жүргүзүү жана бюллетендердин текстин көрүү үчүн түздөн-түз комиссия мүчөлөрүнүн аркасына тура алышат же столдун башка тарабына отура алышат.
- Түздөн-түз добуштарды эсептөө жүрүп жаткан жерге отурууга же бюллетендерди колуна алууга байкоочуларга уруксат бербегиле.
- Пайдаланылбаган бюллетендер аларды пайдаланууга мүмкүн болбогудай түрдө сактала тургандыгын унутпагыла.
- Президенттикке талапкерлердин фамилиялары бар табличкаларды, “баарына каршы” жана “жараксыз бюллетендер” деген табличкаларды даярдагыла. Добуштарды эсептөө учурунда бул табличкалар кызматкерлерге бюллетендерди сорттоого жардам берет.

# IX. ШАЙЛОО УЧАСТКАСЫНЫН ЖАБЫЛЫШЫ

- Жабылаарына (20:00) болжол менен 15 мүнөт калганда жайдын ичинде жүргөн бардык шайлоочуларга участка бир аздан кийин жабылат деп жарыялаңыз.
- Шайлоо участкалары 20:00дө жабылат (40, 1-статья).
- 20:00дө шайлоо участкасында болгон шайлоочулар добуш берүүгө укуктуу.

## 1. ШАЙЛОО УЧАСТКАСЫНЫН ЖАБЫЛЫШЫ

Тиешелүү убакытта, акыркы шайлоочу добуш бергенден кийин участканы жабуу боюнча чара көрүңүз.

- УШКнын бардык мүчөлөрүнө жана байкоочуларга участканы жабуу убактысы, саат 20:00 болгондугу жөнүндө жарыялаңыз жана шайлоо участкасынын орто бөлүгүнө шайлоочулардын киришин токтотуңуз.
- 20:00дө шайлоо участкасынын эшиктерин жабыңыз.
- Төрага бөлмөдө жүргөн аккредиттелген байкоочуларга, ишенимдүү адамдарга жана ЖМКнын өкүлдөрүнө добуштарды эсептөө кайда жүргүзүлө тургандыгы жөнүндө билдирет.
- Добуштарды эсептөөдө колдонулбай турган материалдар менен документтер чогултулууга жана өзүнчө коюлууга тийиш.
- Добуш берүүчү бардык кутуларды, пайдаланылбаган бюллетендерди жана башка зарыл материалдарды добуштарды эсептөө үчүн белгиленген орунга алып өтүңүз.
- Аккредиттелген байкоочуларга, ишенимдүү адамдарга жана ЖМКнын өкүлдөрүнө добуш берүүчү кутуларды коштоого уруксат этиңиз.
- Добуштарды эсептөө үчүн колдонулбай турган добуш берүүчү жайларды тартипке келтириңиз.



- шайлоочулардын тизмелери, шайлоо бюллетендери жана добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндөгү протоколдор менен таанышууга;
- протоколдордун көчүрмөлөрүн алууга;
- шайлоо комиссиясынын иши боюнча сунуштар жана сын-пикирлер менен шайлоо комиссиясынын төрагасына оозеки формада кайрылууга;
- шайлоо комиссияларынын чечимдерине жана аракеттерине (аракетсиздигине) даттанууга жана даттануулар менен арыздарды кароого катышууга (29.5-статья);
- ишенимдүү адамдар шайлоо комиссияларынын жыйналышына катышууга укуктуу (29.5-статья).

**Төмөнкү адамдар ишенимдүү адам болууга укуксуз:**

Депутаттар, Өкмөт мүчөлөрү, Президенттин Администрациясынын, Премьер-министрдин, Мыйзам чыгаруу жыйынынын, Эл өкүлдөр жыйынынын аппараттарынын жооптуу кызматкерлери, мамлекеттик аткаруу бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдары, шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү, укук коргоо органдарынын жана соттордун кызматкерлери, аскер кызматчылары, чет өлкөлүк жарандар ишенимдүү адам боло албайт.

**Ишенимдүү адамдар төмөнкүлөргө укуксуз:**

- шайлоо комиссияларынын ишине кийлигишүүгө;
- добуш берүү үчүн жайда бюллетень алууда шайлоочу үчүн кол коюуга, ошондой эле аны толтурууга (29, 6-статья).

Талапкерлер каалаган учурда ишенимдүү адамдарды кайра чакыртууга укуктуу, бул жөнүндө Борбордук шайлоо комиссиясына билдирет. Мында комиссия бул адамдарга берилген күбөлүктөрдү жокко чыгарат (29, 8-статья).

Ишенимдүү адамдардын ыйгарым укуктары шайлоо процессинин катышуучусунун статусунун жоюлушу менен бирге токтойт жана ишенимдүү адамдын күбөлүгү да жоюлат (V, 29.9).

## 3. АККРЕДИТТЕЛГЕН БАЙКООЧУЛАРДЫН РОЛУ

Талапкерлердин, Кыргыз Республикасынын саясий партияларынын, шайлоочуларынын чогулуштарынын, коомдук уюмдарынын байкоочулары шайлоо күнүндө гана шайлоо участкаларында болууга укуктуу. Чет өлкөлөрдүн жана эл аралык уюмдардын аккредиттелген байкоочулары БШКдан аккредиттөө күбөлүгүн алган учурдан тартып шайлоону өткөрүү менен байланышкан иш-чараларга катышууга укуктуу.

### А. Эл аралык байкоочуларды аккредиттөө

Эл аралык байкоочулар Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги сунуш кылган документтердин негизинде Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан катталат.

Байкоочулар шайлоо участкасында ал ачылган учурдан тартып добуштарды эсептөөгө жана жыйынтыктарды чыгарууга чейин болууга укуктуу (17,6- жана 17,7-статья).

### Б. Байкоочулар төмөнкүлөргө укуктуу:

1) добуш берүү күнү шайлоо участкасында ал ачылган учурдан тартып жогору турган шайлоо комиссиясы добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколду кабыл алгандыгы жөнүндө билдирүү алынганга чейин болууга;

2) шайлоочулардын тизмеси жана шайлоо бюллетендери менен таанышууга;



## ДОБУШ БЕРҮҮЧҮ ЖАЙДАН ТЫШКАРЫ ЖЕРДЕ ДОБУШ БЕРГЕН ШАЙЛООЧУЛАРДЫ ТЕЙЛӨӨНҮН ЭТАПТАРЫ

Добуш берүүчү көчмө кутулардын жардамы менен добуш берүүнү өткөргөн адамдарга төрага тарабынан төмөнкүлөр берилет:

1. Алдын ала чапталган добуш берүүчү көчмө куту.

2. Добуш берүүчү көчмө кутулардын жардамы менен добуш берүүгө шайлоочунун өтүнүчү бар арыз.

3. Шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү алган, добуш берүүчү жайдан тышкары жерде добуш берүү өтүнүчү бар, оозеки кайрылууну ырастаган документ, тизменин көчүрмөсү жана мындай кайрылуулардын санына барабар болгон кайрылуу үчүн бланктар, аларды бул шайлоочулар толтурат.

4. Бюллетендердин саны мурдатан берилген жазуу жүзүндөгү кайрылуулардын жана документ түрүндө толтурулган оозеки кайрылуулардын санына барабар болууга тийиш.

- Добуш берүүчү жайдан тышкары жерде добуш берүүнү өткөрүү учурунда комиссия мүчөлөрү жана шайлоочу бюллетень берилгендигин ырастаган арызга кол коет.
- Добуш берүүчү жайдан тышкары жерде добуш берүү жөнүндө өтүнүч менен жазуу жүзүндө кайрылган учурда шайлоочу комиссия мүчөлөрү келгенде жазуу жүзүндөгү арызды толтурат. Анда шайлоочу добуш берүүчү жайга келе албагандыгынын себеби, шайлоочунун фамилиясы, аты-жөнү, паспортунун же аны алмаштырган документтин маалыматтары көрсөтүлөт. Комиссия мүчөлөрү жана шайлоочу бюллетень берилгендигининин фактысын өз колдору менен ырасташат (42, 2 жана 42, 4-статья).
- Шайлоо участкасына кайра кайтып келгенден кийин шайлоочулардын тизмесине шайлоочулардын паспортунун же анын ким экендигин тастыктаган башка документинин номери менен сериясы жазылат, ошондой эле бул шайлоочулар "добуш берүүчү жайдан тышкары жерде добуш бергендиги" жөнүндө жазылат.

- Көчмө кутулардын жардамы менен добуш берүү шайлоо күнүндө гана жүргүзүлөт (42, 2-статья).
- Участкалык шайлоо комиссиясы добуш берүү үчүн үчтөн ашык көчмө кутуга ээ боло албайт (42, 3-статья).
- Добуш берүүчү жайдан тышкары жерде добуш берүүнү участкалык шайлоо комиссиясынын кеминде эки мүчөсү кеминде эки ишенимдүү адамдын жана байкоочунун катышуусу менен жүргүзөт (42, 3-статья).
- Добуш берүүчү жайдан тышкары жерде добуш берүү башталганга чейин УШКнын төрагасы ишенимдүү адамдарга жана байкоочуларга добуш берүүгө катышуу укугу жөнүндө жарыялайт.

**ДОБУШ БЕРҮҮЧҮ ЖАЙДАН ТЫШКАРЫ ЖЕРДЕ ДОБУШ БЕРҮҮНҮ ӨТКӨРҮҮГӨ АРЫЗ**

- Добуш берүүчү жайдан тышкары жерде добуш берүүгө арыз шайлоо комиссиясынын мүчөсү тарабынан катталган жазуу жүзүндөгү арыз же оозеки кайрылуу формасында жасалат. Арыз участкалык шайлоо комиссиясы түзүлгөндөн кийин каалаган учурда, бирок добуш берүү убактысы аяктаганга чейин 6 сааттан кечикпестен жасалууга тийиш (42, 2-статья).
- Арызда добуш берүүчү жайга келе албагандыгынын себеби, шайлоочунун фамилиясы, аты-жөнү, паспортунун же аны алмаштырган документтин номери менен сериясы көрсөтүлүүгө тийиш.
- Оозеки кайрылууну каттоодо ал келип түшкөн убакыт, шайлоочунун фамилиясы, аты-жөнү көрсөтүлөт жана ага кабыл алган комиссия мүчөсүнүн колу коюлат. Комиссия мүчөлөрү шайлоочуга келгенде кайрылуу жазуу жүзүндөгү арыз менен ырасталат жана комиссия мүчөлөрү менен шайлоочу шайлоо бюллетенин алгандыгын өз колдору менен ырастайт (42, 2 жана 42, 4-статья).



3) добуш берүүчү жайдан тышкары жерде добуш берүүгө катышууга;

4) добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндө протоколдун жана башка документтердин толтурулушуна байкоо жүргүзүүгө. Бюллетендерди көрүп туруу үчүн байкоочулар добуштарды эсептеп жаткан комиссия мүчөлөрүнүн артына тура же отура алат же шайлоо комиссиясы добуштарды эсептеп жаткан столдун башка тарабына жайгаша алат;

5) протоколдордун күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсүн алууга;

6) участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасына шайлоо комиссиясынын иши боюнча сунуш жана пикир менен кайрылууга;

7) шайлоо комиссиясынын аракетине (аракетсиздигине) жогорку шайлоо комиссиясына же сотко даттанууга;

8) добуштарды кайталап эсептөөгө катышууга (17, 8-статья).

**В. Байкоочулар төмөнкүлөргө укуксуз:**

1) шайлоо бюллетендерин берүүгө;

2) шайлоо бюллетенин алууда шайлоочунун өтүнүчү боюнча ал үчүн кол коюуга;

3) добуш берүүнүн жашырындуулугун бузууга;

4) добуштарды эсептөөгө түздөн-түз катышууга;

5) шайлоо комиссиясынын ишине кийлигишүүгө же тоскоолдук кылуучу аракет жасоого;

6) шайлоочунун өтүнүчү боюнча да жашыруун добуш берүү кабинасында шайлоочуга жардам берүүгө же ал үчүн шайлоо бюллетенин толтурууга;

7) шайлоо комиссиясынын чечим кабыл алышына катышууга. (17, 9-статья).

# V. ШАЙЛООЧУЛАРДЫН ТИЗМЕЛЕРИН ТЕКШЕРҮҮ

## 1. ШАЙЛООЧУЛАРДЫН ТИЗМЕЛЕРИН ТҮЗҮҮ ТАРТИБИ

Шайлоочулардын тизмелери жергиликтүү аткаруу бийлик органдарынын жетекчилери тарабынан туруктуу жүргүзүлгөн жана ар бир жылдын 1-январындагы жана 1-июлундагы абал боюнча кайра каралуучу документтер болуп саналат (23, 4-статья).

18 жашка толгон, шайлоого укуктуу жана тизмени түзүү учуруна карата шайлоо участкасынын аймагында жашаган ар бир жаран шайлоочулардын тизмесине киргизилет (3, 1-статья; 23, 2-статья).

## 2. ЖАРАНДАРДЫ ШАЙЛООЧУЛАРДЫН ТИЗМЕЛЕРИНЕ КИРГИЗҮҮ

Участкалык шайлоо комиссиялары жергиликтүү аткаруу бийлик органдары берген маалыматтын негизинде тизмелерди түзүүгө тийиш. Тизмелер шайлоо күнүндө же ага чейин 18 жашка толгон, добуш берүүгө укуктуу бардык жарандарды камтыйт. Кыргыз Республикасынын жаранын конкреттүү шайлоо участкасында шайлоочулардын тизмесине киргизүү үчүн анын туруктуу же көпчүлүк учурда жашагандыгынын, ал эми айрым учурларда ошол участканын аймагында убактылуу жашагандыгынын фактысы негиз болуп саналат (21, 3-статья).

- Сөз туруктуу же көпчүлүк учурда жашаган жери жөнүндө болгондо, бул жашаган жерин - турак үйдү, квартираны, кызматтык турак жайды, адистештирилген үйлөрдү (жатакана, түнөк-үйлөр, маневр фондунун үйү, жалгыз бой карылар үчүн атайын үй, майыптар, ардагерлер үчүн жатак үйлөр ж.б.), ошондой



комиссиясынын мүчөсү шайлоочулардын тизмесине тиешелүү белги коюу менен жаңы бюллетень берет. Бузулган бюллетень жокко чыгарылат; бул жөнүндө акт түзүлөт (40,8-статья).

## 2. ЖАРДАМГА МУКТАЖ БОЛГОН ШАЙЛООЧУ

Бюллетенди алгандыгы үчүн өз алдынча кол коюу, бюллетенди толтуруу мүмкүнчүлүгү болбогон шайлоочу бул үчүн өз каалоосу боюнча башка шайлоочунун жардамынан пайдаланууга укуктуу.

- Жардамды тууганы же башка шайлоочу берет (40, 9-статья).
- Мындай шайлоочуга жардам берип жаткан адамга ушундан келип чыккан жоопкерчилик жана милдет жөнүндө түшүндүрүңүз. Мындай адам төмөнкүлөргө милдеттүү:
  1) бюллетенге шайлоочунун каалоосуна ылайык гана белги коюуга;
  2) талапкерди тандоодо шайлоочуга таасир этпөөгө;
  3) добуш берүүнүн купуялыгын сактап, шайлоочу кандай добуш бергени жөнүндө маалыматты айтпоого.
- УШКнын мүчөсү, ишенимдүү адам же байкоочу шайлоочуга жардам көрсөтө албайт.

## 3. КӨЧМӨ КУТУЛАРДЫН ЖАРДАМЫ МЕНЕН ДОБУШ БЕРҮҮ (42-статья)

Шайлоочулардын тизмесине киргизилген, бирок ден соолук абалы боюнча же башка себептер боюнча добуш берүү үчүн келе албаган шайлоочулар өзү турган жеринде добуш берет. Участкалык шайлоо комиссиялары шайлоочуларга жайдан тышкары жерде добуш берүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга милдеттүү (42, 1-статья).

5. Эгерде шайлоочу тизмеден чыгуу күбөлүгү боюнча добуш берип жатса, шайлоочунун аты-жөнүн, шайлоочунун ким экендигин тастыктаган паспортунун сериясы менен номерин шайлоочулардын тизмесине жазыңыз мында шайлоочу тизмеден чыгуу күбөлүгү боюнча добуш берип жаткандыгын кошумча жазыңыз (40, 4-статья).

6. УШКнын (бюллетендерди берүү үчүн жооптуу) кийинки мүчөсү шайлоочуга Президентти шайлоо боюнча бир бюллетенди берет.

7. Бюллетень толтурулуучу атайын жабдылган кабина бош болгондо бюллетенди бериңиз жана бюллетенди толтуруу үчүн кайда баруу керек экенин жана аны добуш берүү үчүн кайда салуу зарыл экенин шайлоочуга түшүндүрүңүз.

### Добуш берүү

1. Шайлоочу өзү жактаган талапкерге таандык квадратка, же "Бардык талапкерлерге каршы" деген сапка тиешелүү белгини так коюу менен атайын жабдылган кабинада же башка жабдылган жерде тез арада добуш берүүгө тийиш (40,6-статья). Бул үчүн шайлоочунун эркин чагылдырган V, X, + деген же башка белгилер коюлат, андан соң шайлоочу бюллетенди бүктөйт.

- Бир эле учурда добуш берүүчү кабинада бирден ашык адам болушуна уруксат бербеңиз, буга шайлоочуга жардам зарыл болгон учурлар кирбейт.
- Шайлоочу добуш берүүчү кутуга бюллетенди салат жана шайлоо участкасынан кетет.
- Комиссия ар бир шайлоочу добуш берүүчү кутуга бир гана бюллетенди салышына көз салууга тийиш.

#### Эгерде бюллетенди толтуруу учурунда ката кетирилсе

Эгерде шайлоочу бюллетенди толтуруу учурунда ката кетирсе, ал жаңы бюллетенди суроого укуктуу. Шайлоо



эле жаран менчик ээси катары, туруктуу же көпчүлүк учурда турган, келишим боюнча жалдаган, ижара келишими боюнча же мыйзамдарда каралган башка негиздер боюнча турган башка турак жайларды билдирет.

- Мейманканада, санаторийде, эс алуу үйүндө, пансионатта, кемпингде, туристтик базада, ооруканада, башка ушул сыяктуу мекемелерде, ошондой эле жарандын жашаган жери болуп саналбаган турак жайлар убактылуу жашаган жер (жүргөн жер) болуп саналат (18, 15- жана 18, 16-статьялар).
- Шайлоочулардын тизмеси эки нускада түзүлөт. Шайлоочулардын тизмеси алфавиттик же башкача тартипте түзүлүшү мүмкүн. Шайлоочулардын тизмесинде шайлоочунун фамилиясы, аты-жөнү, туулган жылы (18 жашта болсо - кошумча түрдө туулган айы жана күнү) жана туруктуу же көпчүлүк учурда жашаган жеринин дареги көрсөтүлөт. Тизмеге участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы жана катчысы кол коюуга жана участкалык шайлоо комиссиясынын мөөрү менен күбөлөндүрүлүүгө тийиш (21.10-статья).
- Участкалык шайлоо комиссиясы жергиликтүү аткаруу бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен шайлоо комиссияларынын биргелешип аракеттенүүсүн уюштуруунун белгиленген тартибине ылайык шайлоочулардын тизмесин тактайт (21.11-статья).

## 3. ТИЗМЕ МЕНЕН ТААНЫШУУ ЖАНА ШАЙЛООЧУЛАРДЫН ТИЗМЕСИНДЕГИ ТАК ЭМЕСТИКТЕР ЖАГЫНАН ДАТТАНУУ МЕНЕН КАЙРЫЛУУ

- Шайлоочулардын тизмелери жалпы таанышуу үчүн добуш берүү күнүнө чейин 15 календардык күндөн кечиктирбестен, ал эми оорукааналарда, санаторий-

лерде, эс алуу үйлөрүндө жана шайлоочулар убактылуу турган башка жерлерде, барууга кыйын болгон жана алыскы жерлерде, тергөө изоляторлорунда жана убактылуу кармоо изоляторлорунда, аскер бөлүктөрүндө, Кыргыз Республикасынын чет мамлекеттердеги өкүлчүлүктөрүндө 5 календарлык күн калганда берилет. Жарандарга участкалык шайлоо комиссияларынын имарат-жайында берилген маалымат менен таанышуу жана тууралыгын текшерүү мүмкүнчүлүгү камсыз кылынат (22.1-статья).

- Ар бир жаран аны шайлоочулардын тизмесине киргизбей койгондук жөнүндө, шайлоочулардын тизмесиндеги ар кандай каталыктар жана так эместиктер жөнүндө участкалык, райондук (шаардык) шайлоо комиссиясына билдирүүгө акылуу. Участкалык, райондук (шаардык) шайлоо комиссиясы арыздарды жана сунуш кылынган документтерди алар түшкөн учурдан баштап 24 сааттын, ал эми добуш берүү күнү 2 сааттын ичинде, бирок добуш берүү күнү добуш берүү аяктаганга чейин 2 сааттан кечиктирбей текшерүүгө же каталыктарды жоюуга, болбосо кабыл алынган чечим боюнча жүйөөлөрүн көрсөтүү менен арыз ээсине жазуу жүзүндө жооп кайтарууга милдеттүү. Чечим жогору турган шайлоо комиссиясына же сотко даттанылышы мүмкүн. Мындай даттануулар үч күндүк мөөнөттө, ал эми добуш берүү күнү - дароо каралууга тийиш (22, 2-статья).

- Шайлоочулардын тизмесине шайлоо комиссиясынын төрагасы жана катчысы кол койгондон кийин андан шайлоочуну чыгаруу шайлоочуларды каттаган тийиштүү органдардан алынган маалыматтардын негизинде гана жүргүзүлөт. Мындай жазуу төраганын колу менен күбөлөндүрүлөт. Шайлоочунун тизмесинен чыгаруу мурдагы абзацта көрсөтүлгөн жол-жобого ылайык жана андагы мөөнөттүн ичинде даттанылышы мүмкүн (22, 3-статья).



1. Шайлоочу ким экендигин тастыктаган бир гана документти каттоочуга берет.
   - Бардык шайлоочулар паспортун же шайлоочунун ким экендигин тастыктаган документти көрсөтүүгө милдеттүү (40, 3-статья).
   - Паспортту төмөнкү документтер алмаштыра алат: офицердин күбөлүгү; мөөнөттүү кызмат өтөгөн аскер кызматчысынын аскердик билети; моряктын паспорту; ички иштер органдары берген белгиленген үлгүдөгү маалымдама; пенсиялык күбөлүк; айдоочунун күбөлүгү (8, 5-статья).
   - 500дөн ашпаган шайлоочулар жашоочу калк конуштарында түзүлгөн шайлоо участкаларында паспорту же ким экендигин тастыктоочу документи жок келген шайлоочу анын ошол шайлоо участкасынын аймагында жашаганын участкалык шайлоо комиссиясынын кеминде эки мүчөсү ырастаса жана анын өзү шайлоочулардын тизмесинде болсо, участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасынын уруксаты боюнча добуш берүүгө укуктуу. Документтерсиз добуш берген учурда шайлоочулардын тизмесине тийиштүү белги коюлат жана ага төрага жана жашаганын ырастаган мүчөлөр кол коет (40, 5-статья).

2. Каттоочу шайлоочулардын тизмесинен шайлоочунун аты-жөнүн табат.

3. Каттоочу шайлоочунун ким экендигин тастыктаган документтин сериясы менен номерин шайлоочулардын тизмесине жазат. Тизмеге жазуу үчүн маалыматтар: туура жазылган фамилия, туура дарек, туура жазылган туулган датасы (күн/ай/жыл).

4. Шайлоочу шайлоочулардын тизмесиндеги өзүнүн фамилиясынын тушуна кол коет (40,4-статья).

Бул алгачкы төрт этап УШКнын бир мүчөсүнүн (каттоочунун) милдетине кирет.

# VIII. ДОБУШ БЕРҮҮНҮН БАШТАЛЫШЫ

**Талаптар:**

- Ар бир шайлоочу жеке өзү добуш берет. Башка шайлоочулар үчүн добуш берүүгө жол берилбейт (5-статья).
- Добуш берүүчү кабинага бир гана шайлоочу өткөрүлгөндүгүнө ынаныңыз (6-статья).
- Шайлоочулар бюллетендерди калтырбаганына ынануу үчүн атайын жабдылган кабиналарды мезгил-мезгили менен текшерип туруңуз.
- Шайлоочулар кезекке топтолуп калбашы үчүн зарыл чараларды көрүңүз.
- Каттоого жана добуш берүүгө киргизилген шайлоочулардын агымын жөнгө салыңыз.
- Ар бир шайлоочу добуш берүү кутусуна Президентти шайлоо боюнча бир гана бюллетенди салышына жана бюллетендер участкадан алынып кетпөөсүнө көз салыңыз.
- УШКнын бардык мүчөлөрү ким экендигин тастыктоо, бир бюллетенди берүү, бюллетенди толтуруу жана кутуга салуу тартибин зарылчылыкка жараша шайлоочуларга түшүндүрүүгө милдеттүү.

Эгерде шайлоо комиссиясынын мүчөсү, байкоочу жана башка адамдар шайлоо комиссиясынын ишине тоскоолдук кылууга же добуш берүүнүн купуялыгын бузууга аракет кылса, анда шайлоо комиссиясынын мүчөсү шайлоонун ишине катышуудан дароо четтетилет, ал эми байкоочу менен башка адамдар добуш берүүчү жайдан тышка чыгарылат. Бул жөнүндө чечимди шайлоо комиссиясы кабыл алат (40, 11-статья).

## 1. ШАЙЛООЧУЛАРДЫ ТЕЙЛӨӨ

Шайлоочуларды тейлөө жети негизги этаптан турат, алар үчүн УШКнын айрым мүчөлөрү жооп берет:



- Добуш берүү аяктагандан кийин шайлоочулардын тизмесине кандайдыр бир өзгөртүүлөрдү киргизүүгө тыюу салынат (22, 4-статья).
- Шайлоочуларды каттоо жөнүндө жазуулар ар бир шайлоочу үчүн ачык маалымат болуп саналат жана жарандар аны менен тоскоолдуксуз тааныша алат.

### Кошумча тизме

Кошумча тизмеге шайлоочулар төмөнкүдөй учурларда киргизилет:

- активдүү шайлоо укугу бар жаран өзү шайлоочулардын тизмесине кирбей калгандыгы жөнүндө негиздүү арыз бергенде;
- шайлоочу шайлоо участкасына тизмеден чыгуу күбөлүгү же паспорту менен келгенде (40, 3-статья).

**Тизмеден чыгуу күбөлүгү** (38, 1-статья)

Өзү шайлоочулардын тизмесине киргизилген шайлоо участкасынын добуш берүүчү жайына келүү мүмкүнчүлүгү болбогон шайлоочу добуш берүү күнүнө чейин 15-1 күн мурда тизмеден чыгуу күбөлүгүн алууга укуктуу. Мындай тизмеден чыгуу күбөлүгү добуш берүү күнүндө өзү боло турган жердеги шайлоо участкасында добуш берүүгө катышууга укук берет.

**Тизмеден чыгуу күбөлүгү менен иштөө**

- Шайлоочулардын тизмесинен шайлоочунун аты-жөнүн табыңыз жана бул шайлоочуга тизмеден чыгуу күбөлүгү берилгендиги жөнүндө жазыңыз.
- Шайлоочу паспортун көрсөткөн учурда ага тизмеден чыгуу күбөлүгүн бериңиз.

**Д. Добуш берүү үчүн орунду жабдуу**

- Добуш берүүчү кабиналар шайлоочулар үчүн добуш берүүнүн купуялыгын камсыз кылгыдай түрдө жабдылганына ынаныңыз.
- Добуш берүүчү кутуну УШКнын бардык мүчөлөрү жана байкоочулар дайыма көрүп тургудай кылып орнотуңуз.
- Эгерде шайлоочулардын тизмеси өтө эле узун болуп кетсе, аны бөлүктөргө бөлүүгө болот, мында 1000 шайлоочудан турган ар бир бөлүк үчүн стол берүү керек. Эгерде шайлоочулардын ким экендигин тастыктоо жана бюллетендерди берүү үчүн бир нече стол талап кылынса, бюллетень алуу үчүн шайлоочуга кайсы столго келүү мүмкүнчүлүгүн берүү үчүн зарыл сандагы столдорду коюңуз же кире беришке бир чоң белги, же болбосо ар бир столдун артына дубалга үч белгини орнотуңуз.
- УШКнын мүчөлөрү өз милдеттерин аткарууга аларда жетиштүү орун болушу үчүн шайлоо процессинин ар бир этабында алардын бардыгына жетиштүү орун бериңиз.
- Отургучтарды ишенимдүү адамдар, байкоочулар жана ЖМКнын өкүлдөрү шайлоочулар менен ишти жакшы көрө алгыдай түрдө жайгаштырыңыз.
- Добуш берүүчү кабиналар карандаш менен эмес, калем жана жарык берүү системасы менен жабдылууга тийиш экенин эсиңизге тутуңуз.

## 2. ШАЙЛОО БЮЛЛЕТЕНДЕРИ ЖАНА ЖАБДУУ

Шайлоо күнүнө чейин сизди зарыл документтер, материалдар жана шайлоо участкаңызда шайлоо өткөрүү үчүн зарыл болгон канцеляриялык товарлар менен камсыз кылышат.



# VII. ШАЙЛОО КҮНҮНДӨ ДОБУШ БЕРГЕНГЕ ЧЕЙИН

## 1. МИЛДЕТТЕРДИ БӨЛҮШТҮРҮҮ

### А. Төрага

УШКнын бардык иш-аракеттери жана добуштарды эсептөөнүн натыйжалары үчүн негизги жоопкерчиликти тартат.

### Б. Катчы

Шайлоочулардын тизмесине кол койгон шайлоочулардын санын аныктайт, бул санды протоколго киргизет жана суроо-талап боюнча бул санды жогору турган шайлоо комиссиясына билдирет. Төрага жүктөгөн милдеттерди аткарат.

Добуш берүү күнүндө эртең мененки саат 6га карата төрага УШКнын ар бир мүчөсүнүн милдеттерин аныктайт.

### Г. УШКнын эшиктин жанында турган мүчөсү

Бир кызматкер добуш берүү үчүн жайга шайлоочулардын киришин контролдоо үчүн эшиктин жанында турууга тийиш.

Ал контролдоого мүмкүн болгон сандагы адамдарды шайлоо участкасынын жайына киргизүү менен кезектин тартибин байкайт; шайлоочуларга сылык мамиле кылат, натыйжалуу иштейт; майыптарга жана кары-картаңдарга жардам берет жана тартипти камсыз кылат.

Бул кызматкер добуш берүүчү жайга киргизилген адамдардын санын жөнгө салат.

### Д. УШКнын мүчөсү - каттоочу

Шайлоочудан анын ким экенин тастыктаган документти кабыл алат, фотосун салыштырат, мында ар бир шайлоо-

- жип;
- кайчы;
- кагаз үчүн скрепка.

**Кайтарылуучу буюмдар:**

- шайлоочулардын тизмеси;
- тизмеге киргизилген ар бир шайлоочуга добуш берүү мүмкүнчүлүгүн берүү үчүн президенттик шайлоо үчүн жетиштүү сандагы бюллетендер;
- УШКнын мөөрү жана мөөр үчүн жаздыкча;
- УШКнын расмий протоколдору;
- протокол төмөнкүдөй үч түрдө болот:
    1) бюллетендердин жана документтердин санын эсепке алуу;
    2) добуштарды эсептөө боюнча протоколдор;
    3) УШКнын бардык жыйналыштарынын протоколдору;
- Кыргыз Республикасындагы шайлоо жөнүндө Кодекстин нускасы.

**Протоколдо:**

Бардык документтердин туура жана толук экенин текшергенден кийин УШКнын төрагасы протоколго кол коет, ал райондук, шаардык шайлоо комиссиясына берилет.

**БАРДЫК ШАЙЛОО ДОКУМЕНТТЕРИН ШАЙЛОО КҮНҮНӨ ЧЕЙИН КООПСУЗ ЖАНА КУЛПУ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН ЖАЙДА САКТАҢЫЗ!**

## ЖАЛПЫГА МААЛЫМДОО КАРАЖАТТАРЫ

Жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү добуш берүүнүн натыйжасы жөнүндө протоколдор менен таанышууга жана протоколдордун күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсүн алууга укуктуу. Протоколдордун көчүрмөсүн комиссиянын төрагасы же катчысы күбөлөндүрөт. Мында "көчүрмө анык" деген жазуу жазылат, колтамгалар коюлат жана тиешелүү шайлоо комиссиясынын мөөрү басылат (17, 10-статья).



- Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы участкалык шайлоо комиссиясындагы иш боюнча кесиптештерине, ишенимдүү адамдарга жана ыйгарым укуктуу өкүлдөргө бюллетендерди жана зарыл буюмдарды алуу убактысы жана орду жөнүндө маалымдоого тийиш;

- Шайлоо бюллетендери райондук, шаардык шайлоо комиссияларына добуш берүү күнүнө чейин 10 календардлык күн мурда, ал эми участкалык шайлоо комиссияларына добуш берүү күнүнө чейин бир күн мурда берилет. (39, 9-статья).

## А. Шайлоо бюллетендерин эсепке алуу

- Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы президенттик шайлоо үчүн бюллетендердин так санын журналга жазууга жана кол коюуга тийиш.

- УШКнын төрагасы бюллетендер, документтер жана материалдар жетиштүү санда экенине ынануу үчүн аларды кунт коюп карап чыгууга тийиш. Шайлоо комиссиясына берилүүчү шайлоо бюллетендеринин саны бюллетендерди берүү күнүнө карата шайлоо участкасы боюнча шайлоочуладын тизмесине киргизилген шайлоочулардын санынан 0,5 проценттен ашууга тийиш эмес (39, 9-статья).

- Шайлоо комиссиялары акт түзөт жана ага кол коет, анда жогору турган комиссия берген бюллетендердин саны көрсөтүлөт жана бюллетендер туура берилиши үчүн жоопкерчилик комиссиянын төрагасына жүктөлөт (39, 8-статья).

- Эгерде кандайдыр бир ката кетирилсе же төмөндө саналгандардын бир нерсеси калтырылып кетсе БШКга билдириңиз.

- УШКнын мүчөлөрү бюллетендерди алгандан кийин, бюллетендерди санайт, 100 даанадан топтойт жана күйбөй турган сейфке салат. Сейф бекитилет, кагаз тасма менен чапталат жана ага УШКнын бардык мүчөлөрү кол коет (39-статья).

## Б. Шайлоо бюллетендерин текшерүү

**Бюллетендердин мазмуну:**

- Бюллетень бекем отчеттогу документ болуп саналат жана анын корголушунун даражасы Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан аныкталат.

Расмий шайлоо бюллетенинде төмөнкүлөр камтылат:

1) шайлоо өткөрүлө турган органдын аталышы;
2) республикалык шайлоо округу жөнүндө көрсөтмө;
3) алфавит тартибинде ар бир талапкердин фамилиясы, аты-жөнү, туулган жылы, негизги иштеген жери же ишинин түрү, ким тарабынан көрсөтүлгөндүгү;
4) талапкерлердин тизмесинин аягына "Бардык талапкерлерге каршы" деген сап жайгашат;
5) добуш берүү учурунда тандоо жөнүндө маалыматтын оң жагында бош квадрат болууга тийиш, ага шайлоочу белги коет.

**Добуш берүүчү куту**

Добуш берүүчү кутулар Борбордук шайлоо комиссиясы белгилеген үлгүлөргө ылайык жасалууга тийиш. Туруктуу орнотулган куту менен катар участкалык шайлоо комиссиясында зарыл сандагы, бирок үчтөн ашпаган добуш берүүчү көчмө куту болууга тийиш (42,3-статья).

**Чаптоо үчүн материалдар**

Чаптоо үчүн материал добуш берүүчү кутуларды, конверттерди жана пакеттерди чаптоо үчүн берилет.



## В. Жабдуу

Сизде шайлоону өткөрүү үчүн зарыл болгон бардык материалдар жетиштүү санда бар экендигин мүмкүн болушунча тезирээк ырастаңыз. Бардык зарыл материалдарды текшерүү үчүн төмөндө келтирилген инвентаризациялоо тизмесин пайдаланыңыз.

**Инвентаризациялоо тизмеси**

**Кайтарылбай турган буюмдар:**

- добуш берүүчү куту;
- добуш берүүчү кабиналар;
- шайлоо участкасы үчүн колдонмолор жана практикалык сабактар, башка нускоо материалдары;
- добуш берүү жол-жобосу боюнча плакаттар, белгилер жана расмий жарыялар;
- шайлоочулар бюллетендерди толтурушу үчүн ар бир кабинада жип менен байланган калем;
- добуш берүүчү кутуларды чаптоо үчүн чаптоочу материал (клей);
- документтер, бюллетендер жана шайлоо участкасынын башка материалдары үчүн жана аларды жогору турган шайлоо комиссиясына жеткирүү үчүн таңгактоочу материал (пакеттер);
- ар кандай типтеги бюллетендер үчүн кагаз же пакеттер: шайлоочулардын белгиси бар, белгиси жок, жоюлган, бузулган;
- атайын кат-кабарлар үчүн конверттер;
- электр жарыгы өчүп калган учурда имарат-жайды жарык кылуу үчүн лампалар же шамдар;
- добуштарды эсептөөдө зарыл болгон УШКнын мүчөлөрү үчүн калькуляторлор;
- бюллетень берип жаткан УШКнын мүчөсү шайлоочуга тиешелүү сапка кол коюуга жардам бере алышы үчүн сызгыч;
- белгилерди жана плакаттарды чаптоо үчүн скотч;

# IFES

As one of the world's premier democracy and governance assistance organizations, IFES provides needs-based, targeted, technical assistance designed and implemented through effective partnerships with donors and beneficiaries. Founded in 1987 as a nonpartisan, nonprofit organization, IFES has provided integrated, collaborative solutions in the areas of democratic institution building and participatory governance in more than 120 countries worldwide. IFES' Washington headquarters houses eighty-five employees specializing regionally in Africa, the Americas, Asia, the Middle East, and Europe, as well as functionally in rule of law, civil society, good governance, election administration, applied research, gender issues, public information technology solutions, and more. IFES' staff offers vast country-specific experience and facility in more than 30 languages. IFES employs an additional 120 people in twenty-five field locations.

IFES

MAKING DEMOCRACY WORK

INTERNATIONAL FOUNDATION FOR ELECTION SYSTEMS
1101 15th Street, N.W. • Third Floor
Washington D.C. 20005
202 • 828 • 8507 FAX 202 • 452 • 0804
www.ifes.org